**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун
илимий кеңешинде каралып,
бекитүүгө сунушталды
Протокол №_5_
«_5_» ___03___ 2026-ж.

**БЕКИТЕМ**
Б. Осмонов атындагы ЖАГУнун
ректору
техн. илимдердин доктору,
профессор
К.Ж. Усенов ____________
«____» ____________ 2026-ж.

# ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР ЖАНА РЕЙТИНГДЕР ДЕПАРТАМЕНТИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Расмий аталышы**
Кыргызча:
**Эл аралык байланыштар жана рейтингдер департаменти**
Русский:
**Департамент международных связей и рейтингов**
English:
**Department of International Relations and Rankings**

**Манас – 2026**

## 1. Жалпы жобо

1.1. Бул Жобо Эл аралык байланыштар жана рейтингдер департаментин (мындан ары — Департамент) укуктук абалын, максаттарын, милдеттерин, функцияларын жана түзүмүн аныктайт.

1.2. Департамент университеттин өз алдынча түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

1.3. Департамент түздөн-түз университеттин ректоруна баш ийет.

1.4. Өз ишмердүүлүгүндө Департамент Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, университеттин Уставына, Илимий кеңештин чечимдерине, ректордун буйруктарына жана ушул Жобого баш ийет.

1.5. Департаменттин директорун дайындоо жана бошотуу университеттин ректорунун буйругу менен жүргүзүлөт. Директордун кызмат мөөнөтү 5 жылга чейин белгиленет.

1.6. Департаменттин түзүмү жана штаттык саны белгиленген тартипте бекитилет.

1.7. Департаменттин жылдык отчёту ректорго тапшырылып, жылына keминде бир жолу университеттин Илимий кеңешинин жыйынында угулат.

## 2. Ишмердүүлүктүн максаты

Департаменттин негизги максаты — университеттин эл аралык байланыштарын өнүктүрүү жана анын улуттук жана эл аралык рейтингдеги позицияларын системалуу түрдө жогорулатуу.

## 3. Негизги милдеттер

3.1. Университетти эл аралык деңгээлге чыгаруу стратегиясын түзүү жана ишке ашыруу.

3.2. Чет өлкөлүк билим берүү жана илимий уюмдар менен эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү.

3.3. Студенттердин, магистранттардын, докторанттардын жана профессордук-окутуучулар курамынын академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруу жана координациялоо.

3.4. Чет өлкөлүк билим берүү уюмдары менен биргелешкен окуу программаларын ишке ашырууну колдоо.

3.5. Эки диплом жана биргелешкен диплом программаларын уюштуруу жана координациялоо.

3.6. Университеттин эл аралык билим берүү жана илимий долбоорлорго, гранттарга катышуусун координациялоо.

3.7. Университеттин улуттук жана эл аралык рейтингдерге катышуусун камсыз кылуу.

3.8. Университеттин рейтингдеги позицияларына таасир этүүчү көрсөткүчтөрдү мониторингдөө жана анализдөө.

**4. Департаменттин түзүмү**

**4.1.** Департаментке төмөнкү бөлүмдөр кирет:

- Эл аралык байланыштар сектору
- Эл аралык рейтингдер сектору

**4.2.** Эл аралык байланыштар сектору төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

- Эл аралык кызматташтык боюнча келишимдерди даярдоо жана коштоо;
- Партнёрдук байланыштарды өнүктүрүү;
- Эл аралык иш-чараларды жана визиттерди уюштуруу;
- Эл аралык уюмдар жана дипломатиялык өкүлчүлүктөр (анын ичинде АКШ, Жапония, Кытай жана башка өлкөлөрдүн элчиликтери) менен биргелешкен долбоорлорду жана борборлорду координациялоо;
- Академиялык мобилдүүлүктү координациялоо;
- Чет өлкөлүк студенттер жана университеттин профессордук-окутуучулар курамы менен иш жүргүзүү;
- Биргелешкен окуу программаларын жана эл аралык долбоорлорду коштоо жана колдоо.

**4.3.** Эл аралык рейтингдер сектору төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

- Рейтинг агенттиктерине маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу жана текшерүү;
- Рейтингдерге катышуу үчүн материалдарды даярдоону координациялоо;
- Рейтинг көрсөткүчтөрүн анализдөө;
- Университеттин жетекчилигине аналитикалык отчётторду жана сунуштарды даярдоо;
- Ички негизги көрсөткүчтөрдү мониторингдөө.

**4.4.** Секторлордун жетекчилери Департаменттин директоруна баш ийишет.

**5. Департаменттин функциялары**

5.1. Университеттин эл аралык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды даярдоо.

5.2. Эл аралык келишимдердин реестрин жүргүзүү.

5.3. Эл аралык кызматташтык жана рейтинг маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн өз ара аракеттенишин координациялоо.

5.4. Эл аралык ишмердүүлүк жана рейтинг көрсөткүчтөрү боюнча отчеттуулукту даярдоо.

5.5. Чет өлкөлүк университеттер, эл аралык уюмдар жана рейтинг агенттиктери менен өз ара аракеттенишүү.

5.6. Университеттин эл аралык ишмердүүлүгүн маалыматтык жактан камсыздоо.

5.7. Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен окуу программаларын жана илимий долбоорлорду иштеп чыгууга катышуу.

**6. Департаменттин укуктары**

Департамент төмөнкү укуктарга ээ:

- Түзүмдүк бөлүмдөрдөн зарыл болгон маалыматтарды алуу;
- Ректорго жана Илимий кеңешке сунуш-пикирлерди киргизүү;
- Өз компетенциясына тиешелүү маселелерди карашууда катышуу;
- Университетти өз ыйгарым укуктары чегинде өкүлдөөгө.

**7. Жоопкерчилик**

Департамент төмөнкүлөр үчүн жооптуу:

- Берилген рейтингдик маалыматтардын тактыгы үчүн;
- Жетекчиликтин тапшырмаларын өз убагында аткаруу үчүн;
- Эл аралык келишимдерди даярдоонун сапаты үчүн;
- Мыйзамдарга жана ички нормативдик актыларга баш ийүү үчүн.

**8. Жыйынтыктоочу жоболор**

**8.1.** Бул Жобо университеттин Илимий кеңеши тарабынан бекитилип, ректордун буйругу менен ишке киргизилет.

**8.2.** Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор белгиленген тартипте киргизилет.

**8.3.** Жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.